**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А. АЛИЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМ АКАДЕМИЯСЫ**

Д.12.19.592 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 342.565.5:97

**Бакирова Нургуль Жакыповна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОТ РЕФОРМАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК - УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕРИ

12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2020**

Диссертациялык иш Д.А. Кунаев атындагы Евразиялык юридикалык академиясынын конституциялык, эл аралык укук жана бажы иши кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Дуйсенов Эркин Эрманович**
юридика илимдеринин доктору, профессор,
Д.А. Кунаев атындагы Евразиялык
юридикалык академиясынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Кочкарова Эристина Азрет-Алиевна**
юридика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин аспирантура, докторантура жана илимий ишмердүүлүктү уюштуруу бөлүмүнүн башчысы

**Кожомбердиев Бакыт Кожомбердиевич**
юридика илимдеринин кандидаты, доцент,
Кыргызстан эл аралык университетинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү уюм:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын саясий изилдөөлөр жана экспертиза Борборунун мамлекет жана укук бөлүмү, дареги: Бишкек ш., Чуй пр., 265а

Диссертация 2020-жылдын 17-декабрда саат 10.00до Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.12.19.592 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот. Дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 180 а. конференц-зал (ауд. 412).

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык университеттин дареги: 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 180а жана милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ академиясынын дареги: 720083, Бишкек ш., Ч.Валиханов көч. 1а илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин http://www.ksla.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2020-жылдын 16 ноябрда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу**
**катчысы, ю.и.к.** **Анаркулова Э.С.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Коомдук-саясий жаңычылдыктар укуктарды жана эркиндиктерди коргоо жөнүндөгү эл аралык конвенцияларды укуктук мамлекетти өнүктүрүү курсу катары таануусу - Кыргыз Республикасынын бүткүл улуттук сот системасын реформалоонун эң маанилүү муктаждыгын аныктады.

Мындай жаңычылдыктардын топтому түздөн-түз соттун социумдагы ролу менен байланышат. Албетте, укуктун үстөмдүгүнүн принцибин сактоодо, конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөөдө жетектөөчү роль сот бийлигине тиешелүү. Кыргыз Республикасында сот бийлигинин иши ар кыл адамдардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин натыйжалуу коргоого багытталган.

1993-жылы Кыргыз Республикасынын Негизги мыйзамынын кабыл алынышы [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. –С.175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Too. – 2003. – 21 фев.] жана сот бийлигинин өз алдынчалуулугу менен көз карандысыздыгын таануу аны андан ары институтташтыруунун баштапкы учуру болуп калды. Ошондой болсо да, бүгүнкү күндө сот бийлиги толук көз карандысыз боло албай келет. Жүргүзүлүп келген реформалардын негизги багыты катары сот бийлигинин көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын камсыз кылуунун өзүнүн таржымалы бар. Бул изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасында сот тутумунун калыптануу жана реформалоо процессин деталдаштыруу болуп саналат.

Сот бийлигинин феномендик маанисин актуалдаштыруу жана бийликти бөлүштүрүү концепциясын социалдык-укуктук жактан аныктоо Кыргыз Республикасынын Негизги мыйзамындагы Кыргызстанды демократиялык, дин аралашпаган, укуктук жана социалдык мамлекет катары караган жобо менен тыгыз байланышат. Аталган конституциялык жобону түшүнүү укуктук мамлекеттин парадигмасынын калыптануусуна түздөн-түз багытталып, көз карандысыз сот бийлигин алдын- ала мамлекеттин жана социумдун өз ара аракетинин эң маанилүү кепилдиктеринин бири катары аныктайт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасындагы мамлекет түзүү тажрыйбасы ар бир бийлик органдарында туура тандалып алынган формалар Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамында камтылган мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга кыйла толук өбөлгө түзгөндүгүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Сот системасы бийликтин өз алдынча бутагына кирет. “Демек, мыйзамда каралган жазык, жарандык, экономикалык, административдик иштерди кароонун тартиби мыйзам менен жөнгө салынган...” [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. – 2003. – 21 фев.].

Ушуга байланыштуу мамлекеттин мыйзам чыгаруу, уюштуруу жана башка чараларына байланышкан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын укуктук идеялары менен принциптерин андан ары ишке ашыруу актуалдаштырылууда. Соттук-укуктук реформага комплекстүү мамиле жасоо, анын ичинде сот бийлигинин сапаттуу жаңы моделин түзүү, укуктарды жана эркиндиктерди, социумдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуучу сот адилеттигин жүргүзүү боюнча, мамлекетти өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясынын контекстинде бардык ченемдик-укуктук базаны модернизациялоого мүмкүндүк берет.

Ата мекендик илимде сот системасынын калыптанышын жана аны реформалоонун өзгөчөлүгүн аныктоочу өз алдынча комплекстүү изилдөө буга чейин бир нече ирет жүргүзүлсө да, сунушталган диссертациялык изилдөөдө каралган айрым аспектилери актуалдуу болуп саналат жана өз убагында жүрүгүзүлүп жаткандыгы талашсыз.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы Д.А.Кунаев атындагы Евразиялык юридикалык академиясынын илим-изилдөө иштеринин тематикалык пландарына киргизилген.

Изилдөөнүн **максаты** - бийликтин триадасынын өз алдынча бутагы катары Кыргыз Республикасынын сот системасын оптималдаштыруу милдетине ээ сунуштардын теоретикалык-укуктук негиздемеси.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн бир катар **милдеттер** коюулду жана чечүүгө өбөлгө түзүлдү:

- тарыхый диахронияда сот адилеттигин жүзөгө ашыруудагы иш-аракеттерди изилдөө;

- сотторду реформалоонун советтик система учурундагы жана көз карандысыздык мезгилдеги тажрыйбасын жалпылоо;

- Кыргыз Республикасындагы сот бийлигине мүнөздүү жана атайын белгилерин, касиеттерин талдап чыгуу;

- сот адилеттигин жүргүзүүнүн ченемдик-укуктук негиздерине Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан соттук-укуктук реформалардын көз карашы аркылуу талдоо жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик түзүмүндө сот системасынын ролун жана маанисин талдоо;

- сот системасынын иштөөсүн оптималдаштырган сунуштардын негиздери аркылуу Кыргыз Республикасынын сот системасын реформалоонун артыкчылыктуу максаттарына талдоо жүргүзүү.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** мындан ары реформалоонун бир катар конституциялык-укуктук проблемаларын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын негизинде талдоо жана чечүү менен аныкталат. Бул изилдөө тармактагы көйгөйлөрдү изилдөөнүн алгачкы аракеттеринин бири болду.

Ошондой эле изилдөөдөн алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмөнкүдөй аныкталат:

биринчиден, сот тутумунун генезинин тарыхый аспекттерин бөлүп жана негиздөөлөр менен көрсөтүү;

экинчиден, процесстик мүнөздөгү ченемдерге киргизилген түзөтүүлөргө негизделген;

үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын соттук-укуктук сиситемасын мындан ары реформалоо боюнча мыйзамдык сунуштарга негизделген.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** Кыргыз Республикасында сот реформасын регламенттөө жана анын иштиктүүлүгү боюнча илимий-теориялык жана практикалык көз караштарды комплекстүү конституциялык-укуктук изилдөө менен талкууланган, ошондой эле кээ бир "алсыз жактарын" ачып берген. Изилдөөнүн жүрүшүндө жүргүзүлүп жаткан сот реформасын оптималдаштыруу боюнча теориялык тыянактар жана сунуштар түзүлгөн.

Теориялык тыянактар сунушталган анализдер менен шартталган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасындагы бир нече жыл ичиндеги сот практикасына, реформаларды жүзөгө ашыруунун конституциялык-теориялык маселелерине сереп салуу жана талдоо жүргүзүүнүн, сот адилеттигин жүргүзүүнүн ар кандай аспектилери кылдаттык менен иликтенген. Демек, мындагы теориялык жыйынтыктар Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти түзүү, укук чыгаруу ишмерүүлүгүн жакшыртуу, конституциялык институттарды өнүктүрүү маселелери боюнча жаңы атайын илимий-теориялык изилдөөлөрдүн базасы катары кызмат кылат.

Диссертацияда аныкталган корутундулар менен сунуштар мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын ишинде, эң оболу сот системасында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу боюнча атайын курстарды даярдоо үчүн окуу-методикалык аспектиде, ошондой эле,

Кыргыз Республикасынын конституциялык жана процесстик мыйзамдарын оптималдаштыруу боюнча иш процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** коргоого чыгарылган негизги жоболорго негизделет:

1. Сот системасын тарыхый эволюциялоо бир нече этаптардан өттү, аларды төмөнкүдөй жолдор менен бөлүп көрсөтүүгө болот:

1 – совет дооруна чейинки мезгил (1917 жж. чейин);

2 - совет мезгилиндги реформалар (1917-жылдан - 1990-жж. чейин);

3 - азыркы мезгил (1993-жылдан азыркы мезгилге чейин).

Совет мезгилине чейин сот системасы шарият жана адаттарды ченемдеринде курулуп, кийинчерээк империялык системанын белгилүү реформаларына байланыштуу советтик түзүлүштүн укук улантуучулук принциптерин сактоо менен жаңы соттук моделди түзүүгө түрткү болуп, кайра башынан түзүлгөн.

Кыргызстандын эгемендүүлүгүн жарыялоо сот системасын өнүгүүнүн улуттук концепциясынын негизинде форматташтырууну шарттады. Кыргыз Республикасынын сот системасы КМШ өлкөлөрүндө сунушталган көз карандысыз мамлекеттердин укуктук системаларынын жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн эске алган моделдик мыйзамдарга негизделген.

2. Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамында (1993-ж.) бийликти бөлүштүрүүнүн белгилүү принциби жарыяланган жана ал укуктук мамлекеттин өнүгүүсүндө сот бийлигинин бийликтин жалпы механизминдеги ролу менен максатын объективдештирүү үчүн олуттуу аспект болуп эсептелет. Демек, сот бийлигин процессуалык тартиптин жол-жоболорун жана мамлекет тарабынан белгиленген мажбурлоо чараларын колдонуу менен, социумда конфликттерге таасир этүү мүмкүнчүлүгү жана жөндөмү катары жоромолдоо туура. Кыргыз Республикасынын сот системасын реформалоонун жана конституциялык-теориялык, идеологиялык-маалыматтык толтуруунун актуалдаштыруусунун негизги багыттары аныкталган. Логикалык-укуктук байланыш:

Конституцияык-укуктук аспектиде:

- сот бийлиги институттарынын түшүнүктүк аппаратына тийиштүү конституциялык-укуктук жоболору такталган.

- бийлик бутактарынын ортосундагы өз ара мамилелердин негиздери деталдаштырылды.

- "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндөгү" Конституциялык мыйзамды кошумча конституциялык-укуктук регламенттөө актуалдаштырылды.

3. сот бийлигинин көз карандысыздыгы укуктарды жана эркиндиктерди коргоонун шарты катары институционалдык аспекттин актуалдашуусу менен толукталат деп кароо максатка ылайык. Демек, сот адилеттигин жүзөгө ашырууда алардын көз карандысыздыгы сотторду

тандоонун жана дайындоонун өзгөчө тартиби менен: саясий үмүттөрдү камтыбагандыгы; ыйгарым укуктарын токтото туруу жана токтотуунун өзгөчө тартиби; сотторго көрсөтүлүүчү таасирлердин баардык мүмкүнчүлүктөрүнөн баш тартуусу; башка сотторго которуу же жылдыруу процессин, ардактуу эс алууга кетүү укугун эске албаганда, сот ишмердүүлүгүн белгиленген өзгөчө тартип менен жүзөгө ашыруусу; мамлекет тарабынан соттун кол тийбестик принцибин таануусу менен камсыз кылынуучу мыйзамдарга баш ийүүчүлүктөн келип чыгарын ырастоого болот. Көрсөтүлгөн институтционалдык аспектилердин суммасы, барыдан мурда, мамлекеттик уюмдардын (укук коргоочу БӨУ, ЖМК, коомдук бирикмелердин) институттары менен социумдары тарабынан көзөмөл жүргүзүүнү божомолдойт, анткени көзөмөлдөөнүн белгиленген түрүнүн жоктугу көз карандысыздык институтунун андан аркы демократиялашуусун кечиктирет.

4. Кыргыз Республикасында сот бийлигинин калыптануу процесси социалдык-укуктук реалдуулук менен шартталган жана жаңылануулардын комплексин киргизүү менен актуалдаштырылган. Сот системасын калыптанышын тарыхый аспектиде изилдөө учурдагы өздүк тажрыйбаны жана өткөөл мезгилдин өзгөчөлүгүн эске алуу менен этаптуу реформалоонун зарылдыгы жөнүндөгү жыйынтыкка алып келди. Сот бийлигинин маанилүү өзгөчөлүгү болуп сот адилеттигин жүзөгө ашырууда адилеттүүлүктү алдын ала аныктоочу ачык-айкындуулуктун, атаандашуучулуктун, көз карандысыздыктын, коллегиалдуулуктун белгилүү теориялык принциптеринин негизинде ишке ашуусу саналат. Арийне, көз карандысыздыктын кепилдиги деп сот Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамына карама-каршы келген ченемдик актыны колдонууга укуксуз экендиги жөнүндөгү конституциялык ченем таанылат. Демек, сот бийлиги конституциялык аныкталган ыйгарым укуктарда толук бийлик жүргүзүүгө жана өз алдынчалыкка ээ, өз чечимдери менен иш-аракеттери үчүн жооптуу.

5. 2012-жылы "Кыргыз Республикасынын сот системасын реформалоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу боюнча комиссия түзүү жөнүндөгү" Жарлыкты кабыл алган учурдан тартып, 5 жылдын ичинде, 2019-жылдарга чейин, негизинен реформалоонун институционалдык жана ченемдик-укуктук негиздери түзүлдү. Мамлекеттик органдардын макулдашылган иш-аракеттерин камсыз кылуу максатында реформанын алкагында артыкчылыктуу багыттарды белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Соттук реформа боюнча кеңеш түзүлгөн. Бирок, жетишилген натыйжалар дагы деле аягына чейин ишке ашырылбаган бойдон калууда. Аспектилердин кээ бирлери боюнча жылыш болбой жатат, бул андан аркы институттук чараларды кабыл алууну талап кылат.

6. Конституциялык жана профилдик ченемдик укуктук актылардын базасын жаңыртуу конституциялык сыяктуу эле, институттук жактан да сот

системасын реформалоого түрткү берди. 2011-жылы "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" Мыйзам күчүнө кирди. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы - конституциялык өндүрүш аркылуу өз алдынча конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруучу жогорку сот органы, контрол жүргүзүү борборлоштурулган мүнөзгө ээ. "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары Президенттин сунушу менен, Сотторду тандоо кеңешинин сунушуна негизделип, Жогорку Кеңеш тарабынан шайланат; Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары биринчи жолу 7 жылдык мөөнөткө, андан ары Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамында белгиленген жаш курагына жеткенге чейин шайланат деп белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын отчетторун угуунун жол-жобосу конституциялык контролдун милдеттүү формасы болууга тийиш экендиги жөнүндө жобо негизделген.

- «Биринчи» инстанциядагы судьяларды шайлоодо демократиялык мамлекеттин плебисцитардуулугунун башкы принциптерине ылайык, тикелей шайлоо жолу менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын конституциялоо сунуш кылынды. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамынын 94-беренесинин 8-пунктунун ченемдерине таянуу менен, жергиликтүү соттун судьялары Сотторду тандоо боюнча кеңештин сунушу менен Президент тарабынан биринчи жолу 5 жылдык мөөнөткө, андан кийин курактык чегине жеткенге чейин дайындалат. Демек, сот ишмердүүлүгүнө "өмүр бою тиешеси бар" деген ченемди так негиздөө керек.

- Сот бийлигинин аткаруу бийлигине «баш ийүүчүлүгүн» институционалдык деңгээлде чечүү үчүн сот органдарын ишмердүүлүгү жана аларды уюштуруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу департаментти түзүү жөнүндө жобо негизделген.

Изденүүчүнүн кошкон жеке салымы диссертациянын илимий жыйынтыктары жеке автор тарабынан алынган. Коргоого коюлган жоболор диссертант тарабынан жекече иштелип чыккан. Диссертант көп жылдык тажрыйбасынын негизинде Кыргыз Республикасында башкаруунун демократиялык формаларын институтташтыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жана негизги жоболорду, жыйынтыктарды түзүүгө жетишти.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертация Д.А. Кунаев атындагы Евразиялык юридикалык академиянын Конституциялык, эл аралык укук жана бажы иши кафедрасынын отурумунда талкууланган жана жактырылган. Негизги жоболор жана тыянактар окуу процессине киргизилип, «Конституциялык укук» дисциплинасы жана «Укук коргоо

органдары» боюнча атайын окуу курсун окутууда колдонулат. Изилдөөнүн жыйынтыктары эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда чыгып сүйлөөнүн негизинде апробацияланган.

**Комплекстүү илимий-теориялык талдоонун жыйынтыктары**. Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуштаган басылмаларга ар кандай илимий мезгилдерде жарыяланган алты макалада чагылдырылган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөө процессинде алынган илимий жыйынтыктар эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндалган. Материалдар "Конституциялык укук" дисциплинасы жана "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары" атайын курсу боюнча окутуу процессинде колдонулат.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, колдонулган кыскартуулардын тизмесинен, алты бөлүмдү камтыган үч главадан, корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөгө тандалып алынган теманын актуалдуулугу негизделет, изилдөөнүн максаттары менен милдеттери белгиленет, изилдөөнүн негизги методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү ачылып, изденүүчүнүн жеке салымы, жыйынтыктардын апробацияланышы жана жарыяланышы берилген.

**"Кыргыз Республикасындагы соттук реформанын маселелерине илимий-аналитикалык обзор"** деген аталыштагы диссертациянын I главасы эки параграфтан туруп, жалпы демократиялык парадигмадагы соттук-укуктук реформанын өнүгүү көйгөйлөрүн илимий жактан талдоого арналган.

I главанын **1.1. «Сот системасынын ролу жана орду: жалпы теориялык аспектиде»** деген аталыштагы бөлүмүндө автор улуттук сот системасынын генезиси процессин талдайт. Ошондой эле, аталган чөйрөдөгү маселелерди изилдеген ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун эмгектеринин аналитикалык обзору келтирилет. Ата мекендик сот системасы көпчүлүк учурда советтик сот тутумунун негиздерине таянган, жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун принциптери сыяктуу бир катар теориялык мүнөздөмөлөр боюнча мурдагы жана кайра түзүлгөн сот системалары иш принциптеринин дифференциациясына дээрлик ээ эмес.

Аларды өнүктүрүүнүн укуктук базасы болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясы (1993-ж.) [ Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку

Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. – 2003. – 21 фев.] саналат, ал өз ичине соттун ролунун жогорулагандыгына, конституциялык деңгээлде сот бийлигинин өз алдынчалыгын таанууга байланыштуу укуктук базалардын көп санын камтыйт. Ошондой эле СССРде жана Кыргыз Республикасында сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун конституциялык жана тармактык принциптериндеги жалпылыктардын бар экендиги, иш жүзүндө аларды сот ишин жүргүзүүдөгү фундаменталдык башталыш катары таанийт жана аларда жалпы теоретикалык-укуктук мазмун бар деген жыйынтык чыгууга мүмкүндүк берет.

Демек, изденүүчү Кыргызстандын эгемендүү мамлекет болуп жарыяланышы сот системасын өнүктүрүүнүн улуттук концепциясынын негизинде жаңы форматташтырууну шарттады деп эсептейт. Кыргыз Республикасынын сот системасы жаңы көз карандысыз мамлекеттердин укуктук системаларынын жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн эске алуучу КМШнын сунуш кылынган моделдик мыйзамдарына негизделген.

Анализ жүргүзүү процессинде конституциялык-теориялык жана идеологиялык-маалыматтык толкутоолордун актуалдаштыруусу каралган Кыргыз Республикасынын сот системасын реформалоонун негизги багыттарына таянат. Көрсөтүлгөн логикалык-укуктук байланыш:

Конституциялык-укуктук аспектиде:

- сот бийлигинин институттарынын түшүнүктүк аппаратына тийиштүү конституциялык-укуктук жоболор такталган.
- бийлик бутактарынын ортосундагы өз ара мамилелердин негиздери деталдаштырылды.
- "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына кошумча конституциялык-укуктук регламенттөө актуалдаштырылат.

Изденүүчү Кыргыз Республикасындагы саясий жана экономикалык олуттуу трансформациялар, сот бийлигинин саясий, экономикалык жана социалдык ролуна маани берүүгө карата жаңы мамилелерди талап кылган шарттар сот системасын реформалоонун зарылдыгына алып келди деп болжойт. Бийликти бөлүштүрүү принциби боюнча жүзөгө ашыруунун өзү, жалпысынан сот бийлигин уюштуруунун укуктук негиздерин түп-тамырынан өнүктүрүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүлдү. Демек, социалдык-экономикалык трансформациялар анын элементтеринин бири болуп сот системасы саналган мамлекеттин "механизмине" белгилүү бир таасирин тийгизди.

**1.2. «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык мезгилинде сот системасынын калыптанышы»** деген аталыштагы бөлүм көз карандысыздыктын жаңы шарттарында сот системасынын калыптанышын талдоого арналган. Мында изденүүчү бул көйгөйдүн ата мекендик, россиялык жана чет элдик авторлордун теориялык изилдөөлөрүндө иштелип чыгуу даражасына токтолот. Ошентип, сот бийлигинин калыптануу маселелери юриспруденциянын ар кандай тармактарында, конституциялык жана административдик укук, укуктун теориясы, жазык жана жарандык процесс, сот түзүлүшү, укук философиясы чөйрөлөрүндө изилдөөлөрдүн предмети болуп келген. Кыргыз Республикасында "сот бийлиги" теоретикалык категориясынын өзү 2003-жылдан тартып азыркы мыйзамда жигердүү колдонула баштаган [Электрондук ресурстар: 179 URL // https://studopedia.ru/13_25982_funktsii-sudebnoy-vlasti.html].

Н.И. Абидова, Ч.Ч. Валиханов [Валиханов Ч.Ч. Собр. соч. в 4 т. Т.1. - Алма-Ата, 1961.], Ш.А. Ишанова, А.И. Левшин, Н.А. Маев [Загряжский Г.С. Заметки о народном самоуправлении у кара кыр-гыз. // Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник. Выпуск III. Под ред. Н.А. Маева. СПб., 1874.], П.Е. Маковецкий, Ф. Пален сыяктуу белгилүү авторлордун изилдөөлөрү совет дооруна чейин Туркестан аймагынын элдик сотторунун ишмердүүлүгүн уюштуруунун тарыхый-теориялык аспекттерине арналган.

Жалпысынан Россия империясына кошуланга чейин жана кийин кыргыздарда сот реформасынын өнүгүшү жана эл сотторунун иштеши Түркестан аймагынын атактуу тарыхчылары тарабынан анализделген, атап айтканда, А.Арзыматова, Н.И.Гродеков, А.Г.Давлетшин, Г.С.Загряжский, А.Ибрагимов, С.К.Кожоналиев [Кожоналиев С. Суд и уголовное обычное право киргизов до октябрьской революции (1850 1917 г.). Фрунзе, 1963. - 64 с.] ж.б.

Совет доорунда Орто Азиядагы республикаларда сот системасынын калыптанышы К.А. Альчиева, Г.А. Гаджиева, Т.М. Культелеева, В.Р.Манапова, К.А.Нурбекова, Ш.Разыкова, М.С.Сапаргалиева, Х.С. Сулаймановой С.С.Сатыбекова, Р.Т. Тургунбекова [У истоков кыргызской национальной государственности / Под ред. Т. К. Койчуев, В. М. Плоских, Т. У. Усубалиев. – Бишкек, 1996. – 224 с.] тарабынан изилденген. Кыргыз ССРинде соттордун калыптанышы жана уюшулушунун жалпы юрисдикциясы, укуктук негиздери А.Д.Ахметов, З.Ш.Бейшеналиев, Э.Э.Дуйсенов, А.А. Давлетов, С.Кыдыралиева, К.К.Касымбеков, Ю.В. Хегай тарабынан ар тараптуу жана көп аспектиде анализделген. М.Т.Айтбаев, Б.Д.Джамгерчинов, А.Г.Зим, С.И.Ильясов, Д.М.Малабаев, В.М.Плоский, К.Усенбаев, А.Х.Хасановдун изилдөөлөрүндө сот системасы боюнча көз караштар коомдук чектеш илимдердин позициясынан бир аз башкача өңүттө каралган.

Кыргыз Республикасында азыркы этаптын форматында сот системасын реформалоо маселелери Ч. К.Ботоева, Р.М. Мырзалимов, А.А. Маткасымов [Электронный ресурс:[URL //Режим обращения file:///C:/Users/User/Downloads/konstitutsionnye-printsipy-osuschestvleniya-sudebnoy-vlasti-kyrgyzskoy-respubliki.pdf].] жана бир топ жаш изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде деталдаштырылып, ар тараптуу анализ жүргүзүүнүн предмети болгон.

Эгер Россия Федерациясында көйгөйлөрдүн ушундай эле чөйрөсүн карап көрсөк, сот системасын реформалоо маселелерин монографиялар жана диссертациялык изилдөөлөр менен көрсөтүүгө болот. Булар Е.Б. Абросимов, Л.Б. Алексеев, В.П. Божьев, А.Д. Бойков, М.В. Боровский, Н.В. Витрук [Витрук Н.В. Конституционное правосудие. Судебное конституционное право и процесс: Учебное пособие для вузов. – М., Закон и право, ЮНИТИ, 1998. – С. 89.], Б.А. Галкин, С.А. Егоров, В.В. Ершов, В.М. Жуйков, В.А. Лазарев, Э.Б. Мельников, И.Б. Михайловская, Т.Г. Морщаков, Ж.И. Овсепян, В.И. Радченко, В.А. Ржевский, В.П. Рябцев, Б.А. Страшун, А.Я. Страшун [Конституционное (государственное) право зарубежных стран. Учебник. Т.1-2. / Отв. ред. Б.А. Страшун. – М., БЕК, 1995. – С. 311.], Б.Н. Топорнин, Н.А. Чечина, Ю.Л. Шульженко, К.С. Юдельсон, Ю.А. Юдин ж.б. эмгектери.

Тактап айтканда, соттордун ишин уюштуруу маселелери, аларды калыптандыруу, сотторго ыйгарым укуктарды берүү, көз карандысыздыгын камсыздоо, соттук угуулар, конституциялык соттордун ишмердүлүгү жана алардын юрисдикциясы жалпы соттор менен өз ара аракеттенүү тартиби башка өкүлдөр тарабынан да изилденген. Алардын арасынан К.К.Айткожин, З.О.Ашитова, М.Т.Баймаханов, С.З.Зиманов, А.К.Котов, М.С.Нарикбаев, Г.С. Сапаргалиев, Н.А.Шайкенов, ошондой эле кийинки мезгилде жүргүзүлгөн Е.М.Абдрасулов, Б.Ж.Абдраимов, М.Ч.Когамов, М.К.Куандыков, Г.Сулейменованын ж.б. изилдөөлөрүн мисалга алсак болот.

Соттук реформалоонун көйгөйлүү маселелерин кароодо анын калыптанышынын укуктук базасы болуп, эң оболу: Баш мыйзам, (5-май 1993-ж.) [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. – 2003. – 21 фев.] санала тургандыгын белгилөө маанилүү. 1993-жылы Кыргыз Республикасы Конституциясында "бийликти бөлүштүрүү" принцибинин бекитилгендигине карабастан, Кыргыз Республикасынын

юридикалык илимдеринде теориялык ой жүгүртүү жана ар тараптуу илимий негиздеме дээрлик начар изилденгендигин моюнга алуу керек.

Ушуга байланыштуу, ар бир бутактын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, атап айтканда, Кыргыз Республикасында өз алдынча бутак катары сот бийлигинин калыптанышынын реалдуулугу да комплекстүү талдоого алынышы керек.

Улуттук мыйзамдарда демилге кылынган, андан кийин кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жалпы юрисдикциядагы жергиликтүү сот жөнүндө" мыйзам, "Кыргыз Республикасынын сотторунун статусу жөнүндө" конституциялык Мыйзамы жана "Кыргыз Республикасында арбитраждык соттордун системасы жөнүндө" мыйзамдар коомдук мамилелердин өнүгүшүнө логикалык жактан шартталган. Белгилүү болгондой, конституциялык реформа (1996-ж.) баш ийүүчүлүк мамилеси жок бийликтердин тең салмактуу өз ара аракеттерине көмөк көрсөткөн "токтотуулар жана тең салмактуулук" системасын киргизди.

Бийликти уюштуруунун конституциялык-укуктук негиздерин баскычтуу эволюциялоо 1998-жылдын 21-октябрындагы "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу менен байланышкан.

Андан ары, сот реформасын жүргүзүүдөгү дагы бир иштиктүү этап болуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (2-февраль 2003-ж.) жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө" мыйзамдын жаңы редакциясын кабыл алуу (2003-ж. ред.) болду. Кийинчерээк, Президенттин Жарлыгы менен (14-дек 2004-ж.) Кыргыз Республикасында жергиликтүү соттордун судьяларын тандоонун жана аттестациялоонун жаңы тартибин аныктаган "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу сот адилеттик иштери боюнча Улуттук кеңеш жөнүндө" Жобо бекитилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасында сот органдарынын көз карандысыздыгы камсыз кылынган, анткени көз карандысыздыктын кепилдиги болуп сот Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына каршы келген ченемдик актыларды колдонууга укуксуз экендигин караган конституциялык ченем саналат. Бирок, мыйзамдын конституциялуулугу күмөн туудуруп жаткан учурларда, азыр колдонулуп жаткан Кыргыз Республикасынын Конституциясына (2016-ж.) ылайык сот Кыргыз Республикасы Жогорку сотунун Конституциялык палатасына тийиштүү суроо-талап менен кайрылат.

Кыргыз Республикасынын судьяларынын I съездинин чечимине ылайык судьялар корпусунун органдары - Соттор кеңеши, Соттор кеңешине караштуу Сот администрациясы түзүлгөндүгү да мындан аркы реформанын дагы бир негизги аспектиси болуп саналат. Мурда Юстиция министрлигиндеги соттордун ишмердүүлүгүн уюштурууну камсыз кылуу

функциясы азыр Сот администрациясына өткөрүлүп берилген. Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасы Президентинин Жарлыгынын негизинде (21-Май 1996-ж.) сот бийлигинин кошумча органы түзүлгөн, ал соттордун жана сот коомчулугунун ченемдик ишмердүүлүгүн уюштурууну камсыз кылат.

2012-ж. "Кыргыз Республикасы сот системасын реформалоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу боюнча комиссияны түзүү жөнүндө" Жарлык кабыл алынган учурдан тартып, 5 жылдын ичинде, 2019-жылга чейин, негизинен, реформалоонун институционалдык жана ченемдик-укуктук негиздери түзүлгөн.

Мамлекеттик органдардын макулдашылган иш-аракеттерин камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасы Президентинин алдында реформалоонун артыкчылыктуу багыттарын белгилеген Соттук реформа боюнча кеңеш түзүлгөн. Бирок, жетишилген натыйжалар дагы деле ишке ашырылбаган бойдон калууда. Андан ары институттук чараларды көрүүнү талап кылган айрым аспекттер боюнча алга жылуулар болбой жатат.

**2-глава «Кыргыз Республикасында соттук реформалоонун мазмунунун теоретикалык-методологиялык проблемалары»** деп аталып, эки бөлүмдөн турат.

Диссертациялык изилдөөнүн **объектиси** - Кыргыз Республикасында азыркы этаптагы сот бийлиги органдарынын системасы жана аны реформалоо.

Изилдөөнүн **предмети** – Кыргыз Республикасында соттук реформалоонун конституциялык-укуктук аспекттери.

Изилдөөнүн **методологиялык негизи** болуп жалпы илимий: тарыхый, статистикалык, системалык-структуралык, талдоо, синтездөө жана атайын методдору таанып билүү: салыштырма, формалдуу-логикалык ж. б. саналат.

**2.1. "Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин конструкцияларынын функционалдык мазмуну жана аны конституциялык-теориялык камсыздоо"** бөлүмү. Бул главада Кыргыз Республикасында жалпы соттук-укуктук реформанын контекстинде сот бийлигинин конструкциясын конституциялык-теориялык камсыздоосунун функционалдык мазмунун талдоо сунушталган.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруу механизминин курамдык бөлүгү катары ишке ашуучу, аны концепциялык негиздөөгө көмөк көрсөтүүгө арналган сот бийлиги жөнүндө ой жүгүртүү укуктук илимде жигердүү колго алынбай келет. Өнүгүп бара жаткан сот бийлиги социумдун гармониялуу өнүгүшүн, анын азыркы процесстерге катышуу даражаларын күбөлөндүрүп турат.

Соттук реформанын жалпы максатын, атап айтканда: жалпы юрисдикциядагы сотторду реформалоо, арбитраждык соттор, администрациялык юстиция, Соттор кеңешинин иши жана соттордун курултайынын Кыргыз Республикасындагы соттук коомчулук органы катары кароо талдоонун контекстинде актуалдуу болуп саналат.

Изилдөөнүн максатын жана милдетин белгилөөдө, соттук-укуктук реформанын актуалдуулугу негизделет. Кыргыз Республикасындагы соттук-укуктук реформа деп эмнени түшүнсө болот, демек, ушул түшүнүктүн өзүн детерминациялоо керек. Соттук - укуктук реформа – бул сот тутумунун иш-милдеттерин жана ишмердүүлүгүн оптималдаштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан көрүлгөн иш-чаралардын суммасы, ошондой эле келечекте Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Кыргыз Республикасында жалпы юрисдикциядагы соттордун жана Конституциялык палатанын, арбитраждык соттордун конституциялык-укуктук регламенттештирүүсүн өнүктүрүүгө таасир тийгизүүчү бир катар жаңылануулары актуалдаштыруу.

Ага ылайык, Кыргыз Республикасынын сот системасын концептуалдык реформалоо - бул өз алдынча бийлик бутагы катары калыптанып, ич-ара макулдашылган жана карама-каршы келбеген аныкталган системаны түзүүчү мыйзам чыгаруу, уюштуруу, процесстик, материалдык-техникалык аспектидеги иш-чаралардын комплекси.

Ушуга байланыштуу соттук-укуктук реформа мыйзамдык, уюштуруучулук жана материалдык-техникалык спектрдин иш-чараларынын системасын актуалдаштырууну жактайт.

Азыркы учурда, Кыргыз Республикасында жалпы теоретикалык мүнөздөгү, атап айтканда, бийликтин мамлекеттик-укуктук аспекттерин, анын маңызын жана түрлөрүн, андагы сот бутагынын ордун талдоону изилдөө дээрлик жок экендигин моюнга алуу керек. Коюулган максаттар бийликти бөлүштүрүү концепциясынын жаатында мыйзамдарды оптималдаштыруучу сунуштарды киргизүү, Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясынын негизинде мамлекеттик механизмде сот бийлигинин ролун күчөтүү менен сот реформасын оптималдаштырууну иштеп чыгууну аныктады.

Жергиликтүү соттордун судьяларын тандоого карата өзгөрүүлөр жүргүзүлүп жаткан реформанын натыйжасы болду. Алсак, 2004-жылы 14-декабрда Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу сот адилеттик иштери боюнча улуттук кеңеш жөнүндөгү" №437 Жарлыгы кабыл алынган. Кеңешти институтташтыруу талапкерлерди катаал тандоо жол-жобосун бир кыйла оптималдаштырды. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу сот адилеттик иштери боюнча Улуттук кеңеш Жогорку соттогу бош орундар боюнча, вакансия жана талапкерлер тууралуу массалык маалымат каражаттары аркылуу жарыялайт. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Жогоку сот жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Мыйзамы (18-июль 2003-ж.) сот сиситемасын реформалоого түзүмдүк жана концептуалдык таасирин тийгизди. Кыргыз Республикасынын Жогорку Арбитраждык сотунун Жогорку соттун курамына кирүүсү, облустардын жана Бишкек шаарынын арбитраждык сотторун жалпы юрисдикциядагы

жергиликтүү соттордун түзүмүнө интеграциялоо ишинин сотко караштуулугу жөнүндө талаш-тартыштарды белгилүү бир деңгээлде чече алды.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин ченемдеринде кассациялык даттануу жана апелляциялык инстанциядагы соттун токтомдоруна жана аныктамаларына каршы пикир берүү укугу тараптарга таандык экендиги аныкталган.

Ошентип, Кыргыз Республикасында сот системасын андан ары реформалоо үчүн маанилүү болгон бир катар аспектилерди карап көрөлү, аларды шарттуу түрдө төмөнкү тартипте классификациялоого болот:

- сот процесси;
- сот адилеттиги системасы;
- талаш-тартыштарды альтернативдүү чечүү.

Сот процессиндеги маселелер боюнча анализ жүргүзө баштайбыз. Ошентип, ЖС маалыматтар базасына (2009-ж.) ылайык сот архивдеринде табылган проблемалардын катарына төмөнкүлөр кирет:

- Процессуалдык маселелер – 59 % иш
- Институционалдык маселелер – 31,4 %.
- Судьялардын учурдагы мыйзамдарды билүү маселеси – 28,6 %. Алсак, менчик укугуна карата талаш-тартыштар менен байланышкан иштер чечмелөө үчүн ачык болгон жаңы мыйзамга карата 11,2% ды түзгөн, бул учурда сотко башка тараптын кийлигишүүсү мүмкүн.

Кайрадан эле облустардагы иштердин 59%ында процессуалдык маселелер байкалды, алардын 39,6% - процедуралык маселелер болду. Алсак, процесстик аспекттер Жалал - Абад обл. - 72,1%, Бишкек шаарында 69,4%, Ош шаарында 66,7% жана Чүй облусунда 64,4% түздү. Эксперттик талдоодо белгиленгендей, процесстик маселелер келишимдерди мажбурлап аткаруу боюнча иштерде - 72,7% жана 64% кредиторлордун укуктары боюнча иштерде табылган [Freedom House, Страновой отчет по Кыргызстану. – Б., 2009.].

Изденүүчү башкаруу системасын реформалоо процессуалдык кемчиликтердин каралышына таасирин тийгизиши мүмкүн деп эсептейт. Белгилүү болгондой, бар болгон процедуралар жыйналыштардын датасын белгилөө, далилдерди өз убагында кабыл алуу үчүн тандоо жүргүзүү же иш башкаруу процессин камсыз кылбайт. Кезметчи судьялар жаңы иштерди карап чыгуу үчүн, аларды каттоого берердин алдында, доо арызын берүү процессиндеги кемчиликтердин натыйжасында сот четке кагышы мүмкүн болгон иштердин санын кыскартууну пайдаланат.

Сот катары айтканда, көп жылдык тажрыйбабыз көрсөтүп тургандай, соттор ченемдерге ылайык келбеген, анын ичинде чеемдик укуктук актыларга жана банктык реквизиттерге шилтемелердин жоктугун камтыган доолорду кабыл алышат. Бирок, чечимдерде даттануунун мөөнөттөрү жөнүндө маалымат жок экенин моюнга алып, судьялар процесстик

укуктарды түшүндүрбөйт, мында чечим чыгарууда пайдаланылуучу ченемдерге шилтеме жасалып, отурумдардын протоколдору толук эмес болуп саналат.

Мисалы, талдоо жүргүзүү процессинде чечимдерди кабыл алууга таасирдүү саясий адамдар тарабынан таасир этүүнүн натыйжасында четтөөлөрдүн пайда болуу коркунучу жөнүндө жобо негизделет. Саясий маселелер өлкөдө каралган бардык иштердин орточо 2,9%да байкалган, алар Ош, Жалал-Абад, Чүй облустарында жана Бишкек шаарында табылган. Саясий таасириге дуушар болгон көпчүлүк иштер – бул келишимдерди аткаруу боюнча иш болуп саналат, алар иштердин 9,1% түздү[Страны с экономикой переходного периода, - Б., 2008. - С. 324, Freedom House.].

Ошону менен бирге, саясий кийлигишүүнү аныктоо кыйынга турат. Эгерде доогердин доосу негиздүү болсо, ошентсе да, сот алар боюнча чечим чыгарбаса, ал мамлекеттик органдарга каршы доолорду анализдөөдө айкындалат. Жалпысынан, Кыргыз Республикасында мыйзамдык негизде соттор жана судьялар Юстиция министрлиги тарабынан контролдон бошотулган. 2008-жылы кабыл алынган мыйзам боюнча "соттук өз алдынча башкаруу органдары": Кыргыз Республикасынын сот конгресси жана Соттор кеңеши түзүлгөн. Институтташтыруунун сунушталган этабы бул чөйрөгө өз таасирин тийгизди жана белгилүү бир деңгээлде оң роль ойноду. Алсак, Конгресс – Кыргыз Республикасынын бардык судьяларынан турган топ, Соттор кеңеши үчүн соттордун укуктарын жана көз карандысыздыгын коргоого, сот системасынын башкаруу маселелерин жөнгө салып, тартипке байкоо жүргүзүүгө чакырылган 15 судья тандалат. Соттук башкаруу – Сот департаментинин артыкчылыктуу укугу, ал 2008-жылдын апрелинде эле Юстиция министрлигинен чыгарылып, Кыргыз Республикасынын Президентинин соттук департамент жөнүндө Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу судьялардын Окуу борбору менен Жогорку Соттун көзөмөлүнө өткөрүлүп берилген (21 апр. 2008-ж.).

**"Сот системасын институттук реформалоо жана Кыргыз Республикасындагы конституциялык көзөмөлдүн милдеттери" деген 2.2. бөлүм** реформаны жүргүзүүдөгү институционалдык мүнөздөмөлөрдү талдоого арналган. Көрсөтүлгөн аспект бийликтин сот бутагын:

- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин,
- соттук укук колдонуу-бул социумдун объективдүү керектөөлөрүнө анын ылайык келиши менен бирге мыйзамдардын натыйжалуулугун изилдөө деп тааныйт.

Соттор, албетте, биринчилерден болуп мыйзамдарды колдонуу жана чечмелөө көйгөйүнө, алардын жеткилеңсиздиги, карама-каршылыктары, кенемтемелери жана коллизияларына дуушар болууда. Көрсөтүлгөн байланыштарда соттук укук колдонуу коомдук укукту колдонуунун, биринчи кезекте, анын курамдык - сот адилеттигинин концептуалдык

түшүндүрмөсүнө чагылдырылууга тийиш болгон укуктун маңызын кабыл алуу аркылуу органикалык түрдө корреляцияланат.

Учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясында жигердүү пайдаланылган "сот", "сот адилеттиги" жана "сот бийлиги" деген түшүнүктөр теориялык жактан так деталдаштырууну талап кылат. Албетте, сот, сот бийлиги жана сот адилеттиги - бир-бирине окшош эмес, бирок өз ара байланышкан түшүнүктөр. Сот бийлиги сот адилеттүүлүгүнө киргизилген, ал эми сот адилеттиги сот тарабынан гана жүзөгө ашырылат деген В.Лазареванын пикиринде чындык бар.

"Даттануу укугуна" байланыштуу маселе өзгөчө кызыгууну жаратат. Соттордун макамы жөнүндөгү белгилүү документ болуп саналган Европалык хартияда көз карандысыздыгы коркунучка дуушар болгондо же кандайдыр бир түрдө көз карандысыз инстанцияда бааланбаган учурдагы соттордун "даттануу укугу" чагылдырылат.

Коргоо принциптерин бекитүү каалоо менен жүргүзүлгөндүктөн, бул документке ылайык даттануу укугу кандайдыр бир кепилдик болуп саналат. Кыргыз Республикасынын социалдык-укуктук реалдуулугунун жаңы шарттарында алардын натыйжалуу колдонулушуна кепилдик берүүгө мүмкүндүк түзгөн механизмдер жок экендиктерин эске алуу менен, көз карандысыз инстанция мыйзам ченемдүү актуалдаштырылган, ага соттор кайрылышат жана мында соттордун көз карандысыздыгын бузган абалды оңдоо үчүн компетенттүү органдардын сунуштарына же эффективдүү каражаттарга ээ болушат.

Албетте, тыюу салууну бузган адамдарга карата укуктук санкцияларды колдонуу мүмкүнчүлүгүнө эскертпей туруп кийлигишүүгө тыюу салууну жарыялаган соттордун көз карандысыздыгынын концептуалдуу негизин "Европалык Хартиянын" жоболору түзөт".

Демек, сот түзүлүшүнүн жана сот өндүрүшүнүн учурдагы кыргызстандык мыйзамдарын талдоонун тыянактарынын суммасына төмөнкүлөрдү таанууга негиз берет:

- саясий-укуктук системадагы сот бийлигинин ролун аныктоодо камтылган концептуалдык идеялар негизинен ишке ашырылган.

- сот адилеттигин ишке ашыруу жол-жоболору жана судьялык корпустун укуктук статусунун көйгөйлөрү Кыргыз Республикасында конституциялык мыйзам менен бекемделди.

Анализ жүргүзүү процессинде башка маселелерге да көңүл буруу максатка ылайыктуу. Маселен, конституциялык контролдоо органын алсак, Конституцияга ылайык келбеген мыйзамдарды жокко чыгаруу укугуна, ошондой эле ченемдерди чечмелөө милдетине ээ, бул конституциялык көзөмөлдүн милдеттүү аспектиси болуп саналат.

Конституционализм идеясы сот contra legem (лат. - "мыйзамга каршы") чечимин кабыл алып жатканда колдонуучу баштапкы укуктук негиздерди бекемдеди. Бул түшүнүктө соттор юрист Эдуард Коуктун айткан: "Парламент жалпы укукту жүзөгө ашырган, адилеттүүлүк принциптерин өзгөртө албайт" деген пикирин чечмелешет. Ушул эле контекстте континенталдык укуктук үй-бүлө соту - Германия федеративдик Республикасынын Конституциялык сотунда, үч кылымдан ашык убакыт бою: "Табигый укук күчтүүрөөк" деп айтылып келген.

Изденүүчү 1993-жылдагы эле конституциялык сот адилеттигинин модели конституциялык контролдоонун континенталдык формасына ылайык келген деп эсептейт. Демек, ошол учурда Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту конституциялык сот өндүрүшү аркылуу бийликти көз карандысыз жүзөгө ашырган, Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоо боюнча сот бийлигинин жогорку органы катары позицияланды. 2010-ж. 7-апрелиндеги белгилүү окуялардан кийин кыргыз бийлигинин конституциялык архитекторикасында кардиналдуу өзгөрүүлөрдү алып келген жана Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына жаңылануулары киргизүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун ордуна Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Конституциялык палатаны түзүү чечими кабыл алынган.

Албетте, сот бийлигин жана бүткүл кыргыз сот системасын чыңдоодо, ошондой эле укуктар менен эркиндиктердин конституциялык кепилдиктерин камсыз кылууда укуктар менен эркиндиктерди камсыз кылуудагы негизги звено катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдында, Конституциялык палата белгилүү бир функциялык мааниге ээ.

**3-глава "Кыргыз Республикасында соттук реформаны оптималдаштыруунун келечектүү милдеттери"** деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

Анын **3.1. "Кыргыз Республикасында сот реформасын ишке ашыруунун конституциялык-укуктук аспектилери»** деген бөлүмүндө укуктук демократиялык мамлекетти мындан ары калыптандыруу шарттарына жооп берген ченемдер талданат. Жүргүзүлүп жаткан соттук-укуктук реформанын контекстинде, сот адилеттиги – бул анын компетенциясына кирген иштерди сот тарабынан кароодо таралган мамлекеттик ишмердүүлүк экенин белгилеп кетүү максатка ылайыктуу. Демек, сот адилеттиги Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын ченемдери аркылуу сот тарабынан гана жүзөгө ашырылат (2016-ж.ред.) [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда

референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. – 2003. – 21 фев.].

Аталган методологиялык эрежелерден улам, сот тарабынан сот адилеттүүлүгүнүн жүргүзүлүшү ченемдик укуктук актылардын юрисдикциялык ишке ашуусун (таануу, калыбына келтирүү, ырастоо, камсыз кылуу, сактоо жана колдонуу) билдирери келип чыгат, жалпысынан, бузулган, талашылып жаткан укуктардын ишке ашырылышын же субъективдүү укуктарды жокко чыгарылышын кепилдикке алат. Берилген түшүндүрмөдө сот аркылуу эмес, соттогу позитивдүү укук аркылуу субъективдүү укуктарды коргоо жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет. Албетте, сот териштирүү процессинде, бардыгы мыйзам алдында бирдейлигине байланыштуу, тараптардын бирин да (доогер - жоопкер, соттолуучу - айыптоочу) коргой албайт.

Чындыгында, объективдүү укук өзү эч кимдин коргоосуна муктаж эмес. Ошентип, конкреттүү иштерди тандоо менен сот тараптарды укуктук көрсөтмөлөрдү аткарууга милдеттендирет, башкача айтканда, укуктун жөнгө салуучу функцияларын камсыздайт. Бузулган субъективдүү укуктарды аныктоо жана бузууларды жоюу же талашылып жаткан укуктарды камсыздоо максатында конкреттүү ченемдерди колдонуу менен сот ченемдик укутук актыларды гана колдонбостон, бул акт аркылуу укуктарды жана кызыкчылыктарды коргойт.

Конституциялык принциптер деп, сот адилеттигинин принциптеринин өзү эле салт катары, айрым бир касиеттерге ээ болгон принциптерди атайт. Биринчи кезекте, алар:

• объективдүү мүнөзгө ээ жана сот органдарынын моделин түзүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн чагылдырат. Көрсөтүлгөн принциптер мыйзамдын үстөмдүгүнүн, укуктарды жана эркиндиктерди коргоонун жалпы укуктук принциптери менен корреляцияланат.

• жалпы мүнөзгө ээ (уюштуруу ишмердүүлүгүнүн маселелери).

• талаш-тартыштарга катышкандар, соттор, адамдар тарабынан милдеттүү түрдө сакталууга тийиш жетектөөчү жоболор болуп саналат.

Баш мыйзамдын 3-бөлүмүнүн 16-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. –

2003. – 21 фев.]экендиги сот адилеттигин теңдиктин негизинде жүзөгө ашыруу боюнча теориялык жана конституциялык бекитилген жобонун башталышы болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамында, эң маанилүү демократиялык жетишкендик катары укуктардын жана эркиндиктердин реалдуулугун ачык чагылдырган так тизме камтылган деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Кыргыз Республикасынын Жазык процессуалдык кодексинде, мыйзамдарда жана ченемдер менен аныкталуучу, куугунтуктоодон иммунитетке ээ болгон адамдарга карата сот өндүрүшү бир нече башка аспектиде жүргүзүлөт. Мыйзам алдындагы теңчиликте албетте, укукту басмырлоочу мыйзамдар кабыл алынбайт деп болжонот. Айтылгандарга кошумча катары, даттанууларды жазык жоопкерчилигине тартуу катары арыз берүүнүн бирдиктүү тартиби каралган [2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. – 2003. – 21 фев.].

**3.2. «Кыргыз Республикасындагы аткаруу жана сот бийлигинин бутактарын өз ара аракеттешүү системасында сапаттуу трансформациялоо»** деген аталыштагы бөлүмдө изденүүчү тарабынан кабыл алынган доктриналык конституциялык позициясына карата ата мекендик мыйзам чыгаруучу тарабынан мыйзам чыгаруунун башкы элементи катары укук ченемдеринин саналышы жана тиешелүү түрдө мыйзамга башкаруучулук милдет берилген, романо-германдык укуктук системалардын идеяларын жана принциптерин кабылдаган ыкмалары талданат.

Мисалы, экономикалык, саясий-укуктук, коомдук-маданий көп түрдүүлүк жогоруда аталган ыкманы Кыргыз Республикасынын укуктук системасын түзүүгө карата негиз катары кабыл алууну каалашкан, бул обективдүү реалийлерде да ачык көрүнөт.

Диссертант бийлик бутактарынын өз ара аракеттенүүсү боюнча теориялык абалга байланыштуу, аларды шарттуу түрдө төмөнкүчө классификациялат:

I - бийликтин үч бутагына кирген уюмдардын жана мамлекеттик институттардын ишмердүүлүгүн оптимизациялоо президент жана бийликтин башка бутактары менен корреляция кылмайын ишке ашышы мүмкүн эмес, өзгөчө Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан соттук реформанын алкагында актуалдуу.

II - Институттардын түзүмүнүн ички институтташтыруу тигил же бул бийликтин бутагына "таандык болушуна" карабастан тиешелүү органдардын компетенциясына жараша адаптацияланууга тийиш.

III – мамлекеттик аппаратты структуралаштыруунун жалпыланган жыйынтыгы өзүнүн ченемдик укуктук актыларына концептуалдык толуктоону алууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамына (2006-ж. ред.) саясий-укуктук негизде берилген анализге таянсак, эгерде, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту учурдагы мыйзамдардын Конституцияга ылайык келишин камсыз кылуучу конституциялык контролдоо (көзөмөлдөө) жүргүзүү органы болсо, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Конституциялык палатанын азыркы редакциясына ылайык, өзүнүн демилгеси менен Кыргыз Республикасында укук жаратуу «конституциялуулугу» боюнча маселени карай албайт.

Ошондой эле диссертант 2010-жылы Кыргыз Республикасынын парламенттик-президенттик моделинде шайланган бийлик бутактарынын Кыргыз Республикасынын негизги Мыйзамында көрсөтүлгөн принциптин жүзөгө ашырылышын тийиштүү түрдө камсыз кылуу максатында макулдашып иштешинин жана өз ара аракеттенүүсүнүн конституциялык принцибин тиешелүү деңгээлде иш жүзүнө ашыруу үчүн, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдарынын ортосундагы талаш маселелерди чечүү боюнча Конституциялык соттун ыйгарым укуктарын белгилөө менен, "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Конституциялык палата жөнүндө" мыйзамына кошумча киргизүү максатка ылайык деп эсептейт.

**3.3. "Кыргыз Республикасында соттук-укуктук реформаны илгерилетүү контекстиндеги теориялык-укуктук аспекттер»** бөлүмүндө изденүүчү качан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын жоболорун ишке ашырганда гана, жалпы суммада Өкмөттүн сот системасын реформалоо боюнча ишинин маанилүүлүгү камсыз кылынарын актуалдаштырат. Алсак, реформаларды алга жылдыруу механизми болуп, USAID (2008-2010 жж.) аркылуу ишке ашырылган "Счет вызовов тысячелетия" (ВТ) программасы саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен "Счет вызовов тысячелетия" (ВТ) ортосундагы Макулдашуунун максаты жаңы мыйзамдарды кабыл алуу жана сот, укук коргоо органдарынын кесипкөйлүгүнө жана сот адилеттигине багытталган коррупцияга каршы күрөшүү болуп саналат.

Эксперттик баалоодон кийин өз алдынча башкаруунун жаңы институттары (Сот конгресси, соттордун чогулушу, Соттор кеңеши, ошондой эле Улуттук сотторду тандоо боюнча кеңеш) сот системасынын чөйрөсүндөгү демилгелерден тышкары, Кыргыз Республикасынын Негизги

мыйзамында (ред.2016 ж.) каралган кайра түзүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн мааниге ээ экендигин моюнга алуу туура [2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май 1993-ж. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. – 1993. - №7. – С. 175. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында 1993-ж. 5-майда кабыл алынган, 2003-ж. 2-февралда референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 18-февраль 2003-ж. Кыргыз Республикасынын №40 Мыйзамында баяндалган, // Эркин – Тоо. – 2003. – 21 фев.].

Аталган институттар, сот системасынын аткаруу бийлигинен болгон көз карандысыздыгын байкаларлык бекемдеди жана анын транспаренттүүлүгүн жогорулатты. Көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн алардын ортосунда башкаруунун ар кандай аспекттери боюнча жоопкерчиликтин бөлүнүшүн орнотуу зарыл. Жогорку сот менен Соттор кеңешинин, Сот адилеттиги боюнча Улуттук кеңештин жана Сот департаментинин ортосундагы иш-милдеттердин жана институционалдык артыкчылыктуу укуктардын кайталанышы өтө курч маселе экендигин моюнга алуу керек деп эсепейт.

## ТЫЯНАКТАР

Жогорудагы аталган илимий изилдөөлөр сунуштарды киргизүүгө жана төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Негизги Мыйзамынын кабыл алынышы [1993-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору - 1993. - No7. - 175-б.] жана соттордун өз алдынчалуулугун жана көз карандысыздыгын таануу анын андан ары институтташуусуна негиз болуп калды. Бирок азыркы учурда бардык объективдүү өбөлгөлөр бар болсо да, чындыгында көз карандысыз сот бийлиги жөнүндө айтуу кыйла эрте.

2. Реформаларды жүргүзүүнүн башкы багыты катары сот бийлигинин көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын камсыз кылуунун өзүнүн басып өткөн жолу бар. Алсак, 1993-жылы Конституциянын кабыл алынышы менен эгемендүү мамлекеттин бардык ченемдик базасын, анын ичинде сот түзүлүшү жана сот тутуму жаатында жаңы форматтоо процесси башталды.

3. Сот системасы бийликтин өз алдынча бутагына түзүлдү. Ошентип, мыйзамда каралган жазыктык, жарандык, экономикалык жана административдик иштерди кароонун тартиби мыйзамдуу жөнгө салынды. Кыргыз Республикасында мамлекеттик өнүгүүнүн конституциялык парадигмасына кирген жаңылануулар Кыргыз Республикасынын

конституциялык укугунун негизги булагы болуп саналган Кыргыз Республикасынын негизги Мыйзамына киргизилген (2016-ж.) өзгөртүүлөрдү шарттады жана бүтүндөй сот бийлигинин жана анын айрым тутумунун толук кандуу иштешин камсыз кылган ченемдик-укуктук массивдеги өзгөрүүлөрдү актуалдаштырды.

4. Кыргызстандын сот системасын реформалоо концепциясы учурдагы мыйзамдарды жаңылоону жана бир кыйла тең салмактуу система менен соттордун, укук коргоо органдарынын жана башка мыйзамдардын сот адилеттигин жүзөгө ашырууда көптөгөн аспектилерди шайкеш кылуу ишмердүүлүгүн уюштурууну болжойт, реформалардын белгиленген максаттарын ишке ашырууда эл аралык-укуктук стандарттарга, конституциялык-укуктук аспектилердин формасына, мазмунуна, илимий укуктук аспектилерине оптималдуу дал келүүнү иштеп чыгуу зарыл. Ошентип, жүргүзүлгөн анализдер төмөнкүдөй тыянактарга алып келет:

5. Кыргыз Республикасынын Негизги Мыйзамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна мыйзам чыгарууну демилгелөө укугун берүү жаатында инновацияларды киргизүү актуалдаштырылды. Сот тутуму көз карандысыз тармак болгондуктан, ал логикалык жактан 3-берененин 2-пунктуна ылайык, көрсөтүлгөн укукка ээ болушу керек, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясында бийликти үч бутакка органикалык бөлүштүрүү таанылган [Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 5-май, 1993-жыл. // Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору - 1993 - №7. - S. 175.].

6. Кыргыз Республикасынын Негизги Мыйзамында бул принциптин ишке ашышын талаптагыдай камсыз кылуу үчүн, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдарынын ортосундагы талаш-тартыштарды чечүү жөнүндөгү Конституциялык палатанын компетенциясын таануу боюнча ыйгарым укуктары менен "Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Конституциялык палата жөнүндө" Мыйзамга толуктоо киргизүү максатка ылайыктуу.

7. Кыргыз Республикасынын сот тутумун калыптандырууну иш жүзүнө ашыруучу негизги конституциялык ченемдер менен принциптерди бийликтин функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү жөнүндөгү конституциялык принциптин негизинде кабыл алуу логикалык жактан туура чечим болуп саналат.

8. Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы талаш маселелерди чечүү жана келишпестиктерди жоюунун жол-жоболору жөнүндөгү Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу.

9. Коомдук-укуктук мамилелерден улам, мамлекет менен жарандын жана жаңы административдик- процесстик мыйзамдардын ортосундагы келип чыккан укуктар боюнча талаш-тартыштарды чечүүдө административдик сот адилеттигин калыптандырууну күчөтүү.

10. Демократиялык мамлекеттердеги плебисциттин үстөмдүк кылуу принцибине негиздеп, тикелей шайлоо жолу менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын "биринчи" инстанциянын судьяларын түз шайлоо укугун түзүү сунушталды.

Кыргыз Республикасынын Негизги Мыйзамынын 94-беренесинин 8-пунктунун ченемдерине ылайык, жергиликтүү соттордун судьялары Сотторду тандоо кеңешинин сунушу боюнча Президент тарабынан биринчи жолу 5 жылдык мөөнөткө, андан кийин жаш курагы чектелгенге чейин дайындалат. Ушундан улам, сот ишмердүүлүгүнө "өмүр бою катышуу" эрежесин негиздөө логикалуу.

Конституциялык мыйзамдарды иштеп чыгуу жаңылануда, маселен, “Кыргыз Республикасынын сотторун каржылоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамы.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган иштердин тизмеси:**


1. Бакирова Н.Ж. О некоторых теоретико-правовых аспектах становления судебной власти в Кыргызстане. [Текст] / Бакирова Н.Ж. // Научный альманах – Тамбов – 2016. – № 8-2(22) – С. 37-40.
2. Бакирова Н.Ж. О некоторых аспектах развития конституционного контроля в общем механизме власти в Кыргызстане. [Текст] / Бакирова Н.Ж. // Научный альманах – Тамбов – 2016. – № 8-2(22) – С. 41-44.
3. Бакирова Н.Ж. Об институциональных аспектах развития судебно- правовой системы в Кыргызской Республики. [Текст] / Бакирова Н.Ж. // Известия ВУЗов Кыргызстана – Бишкек, 2019. – № 7 – С. 105-108.
4. Бакирова Н.Ж. О некоторых аспектах развития судебной власти в контексте судебно-правовой реформы Кыргызстана. [Текст] / Бакирова Н.Ж. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2019. – № 8. – С. 106–109.
5. Бакирова Н.Ж., Дуйсенов Э.Э. О некоторых предпосылках судебно-правовой реформы в Кыргызстане. [Текст] / Бакирова Н.Ж., Дуйсенов Э.Э. // Материалы Международной научно-практической конференции в рамках Сапаргалиевских чтений на тему: Актуальные вопросы и реализации концепции правовой политики Республики Казахстан (период с 2010 до 2020 года). – Алмата – 2019. – С. 26–30.
6. Бакирова Н.Ж. К вопросу о становлении судебной системы в Кыргызстане / Бакирова Н.Ж. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – Бишкек – 2020. – №1 – С. 95-99.

**Бакирова Нургуль Жакыповнанын “Кыргыз Республикасындагы сот реформасынын конситуциялык-укуктук маселелери”** деген темада юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча жазылган диссертациялык изилдөө ишинин

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Конституция, демократия, институтташтыруу, соттук-укуктук реформа, мыйзамдуулук, сот тутуму, конституциялык көзөмөл, сотторду тандоо, сот адилеттиги, сот бийлиги, Негизги мыйзам, конституциялык кепилдиктер, мамлекеттик бийлик, юрисдикция, сот тутумун уюштуруунун конституциялык принциптери.

**Изилдөөнүн максаты** - бийликтин триадасынын өз алдынча бутагы катары Кыргыз Республикасынын сот системасын оптималдаштыруу милдетине ээ сунуштардын теоретикалык-укуктук негиздемеси.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** - Кыргыз Республикасында азыркы этаптагы сот бийлиги органдарынын системасы жана аны реформалоо.

**Изилдөөнүн предмети** – Кыргыз Республикасында соттук реформалоонун конституциялык-укуктук аспекттери.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** болуп жалпы илимий: тарыхый, статистикалык, системалык-структуралык, талдоо, синтездөө жана атайын методдору таанып билүү: салыштырма, формалдуу-логикалык ж. б. саналат.

**Иштин илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын негизинде мындан ары реформалоонун бир катар конституциялык-укуктук маселелерин талдоо жана чечүү менен, ошондой эле сот системасынын генезинин тарыхый аспектилерин негиздөө жана бөлүп көрсөтүү менен аныкталат.; процессуалдык мүнөздөгү ченемдерге киргизилген түзөтүүлөр негизделген; мындан сырткары Кыргыз Республикасынын соттук-укуктук системасын мындан ары реформалоо боюнча мыйзам чыгаруу сунуштарын берди.

**Пайдалануу боюнча сунуштар.** Иште баяндалган тыянактар жана практикалык сунуштар: мыйзам чыгаруу ишин жүргүзүүдө; конституциялык укук теориясынын курсун окутууда окуу процессинде колдонулушу мүмкүн. Бир катар аспекттер Кыргыз Республикасындагы юридикалык илимдердин маселелери боюнча илимий эмгектердин жүрүшүндө колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** Кыргыз Республикасынын укуктук актыларын жакшыртуу боюнча мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө; жалпы мамлекеттик маанидеги программаларды ишке ашыруу боюнча мамлекеттин аткаруу жана башка органдарынын иш-аракетинде; жогорку окуу жайларында конституциялык укук чөйрөсүндөгү илимий-изилдөө жана окутуучулук иште.

# РЕЗЮМЕ

диссертации **Бакировой Нургуль Жакыповны «Конституционно-правовые проблемы судебной реформы в Кыргызской Республике»** на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02 – Конституционное право; муниципальное право.

**Ключевые слова:** Конституция, демократия, институциализация, судебно-правовая реформа, легитимация, законодательство, судебная система, конституционный контроль, отбор судей, правосудие, судебная власть, Основной закон, конституционные гарантии, государственная власть, юрисдикция, конституционные принципы организации судебной власти.

**Цель исследования** - теоретико-правовое обоснование предложений, имеющих задачей оптимизацию судебной системы Кыргызской Республики как самостоятельной ветви в триаде властей.

**Объект исследования** - система органов судебной власти и ее реформирование на современном этапе в Кыргызской Республике.

**Предмет исследования** – конституционно-правовые аспекты судебного реформирования в Кыргызской Республике.

**Методологической основой исследования** являются общенаучные: исторический, статистический, системно-структурный, анализ, синтез и специальные методы познания: сравнительный, формально-логический и др.

**Научная новизна** определяется анализом и решением ряда конституционно-правовых проблем дальнейшего реформирования на основе действующего законодательства Кыргызской Республики а также определяется: обоснованием и выделением исторических аспектов генеза судебной системы; обоснованы поправки, внесенные в нормы процессуального характера; а также законодательные предложения относительно дальнейшего реформирования судебно-правовой системы в Кыргызской Республике.

**Рекомендации по использованию.** Сформулированные в работе выводы и практические рекомендации могут быть использованы: при осуществлении законотворческой деятельности; в учебном процессе при преподавании курса теории конституционного права. Ряд аспектов может быть использован в процессе научных разработок по проблемам юридических наук в Кыргызской Республике.

**Область применения:** в законотворческой деятельности по совершенствованию правовых актов Кыргызской Республики; в деятельности исполнительных и других органов государства по реализации программ общегосударственного значения; в научно-исследовательской и преподавательской деятельности в сфере конституционного права в вузах.

## RESUME

**Bakirova Nurgul Zhakypovna's dissertation on "Constitutional and legal problems of judicial reform in the Kyrgyz Republic"** for the degree of candidate of legal sciences 12.00.02 - Constitutional law; municipal law

**Key words:** Constitution, democracy, institutionalization, judicial reform, legitimation, legislation, judicial system, constitutional control, selection of judges, justice, judiciary, Basic Law (Fundamental Law), constitutional guarantees, governmental authority, jurisdiction, constitutional principles of the organization of the judiciary.

**The purpose of the study** - the theoretical and legal justification of proposals aimed at optimizing the judicial system of the Kyrgyz Republic as an independent branch in the triad of authorities.

**The object of research** - the system of judicial authorities and its reform at the present stage in the Kyrgyz Republic.

**The subject of the study** - the constitutional and legal aspects of judicial reform in the Kyrgyz Republic.

**The methodological basis of the study** - is the general scientific: historical, statistical, system-structural, analysis, synthesis and special methods of cognition: comparative, formal-logical, etc.

**Scientific novelty** is determined by the analysis and solution of a number of constitutional and legal problems of further reforming on the basis of the current legislation of the Kyrgyz Republic and is also determined by: justification and highlighting the historical aspects of the genesis of the judicial system; justified amendments to the rules of a procedural nature; as well as legislative proposals for further reform of the judicial system in the Kyrgyz Republic.

**Recommendations for use.** The conclusions and practical recommendations formulated in the work can be used: in the implementation of legislative activity; in the educational process when teaching a course on the theory of constitutional law. A number of aspects can be used in the process of scientific research on the problems of legal sciences in the Kyrgyz Republic.

**Scope:** in legislative activity on improvement of legal acts of the Kyrgyz Republic; in the activities of executive and other bodies of the state in implementing programs of national importance; in research and teaching activities in the field of constitutional law in universities.